**КАРАЛДЫ**
**№1 педагогикалык кеңеште**
**30.08.2022**

**БЕКИТЕМИН**
**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин директору**
**________ Дюшенбаева С.Э.**
**01.09. 2022**

# Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдү каттоого алуу жөнүндө жобо

**Жалпы жобо:**

1.1 Турмуш шарты оор үй-бүлөлөр катталууга тийиш. Бул үй-бүлөлөр жекече багыттагы иштерди жана профилактикалык иштерди талап кылат.

1.2 Турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдү каттоонун максаты пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө үй-бүлөлөргө жана окуучуларга педагогикалык-психологиялык жактан жардам көрсөтүү, жүрүм-турумду оңдоо боюнча социалдык- профилактикалык иш-чараларды өткөрүү

**2. Каттоого алуунун тартиби**:

2.1. Кайсы үй-бүлөлөрдү каттоого алат:

- Баласы үчүн зарыл болгон көзөмөлдү жүргүзбөгөн, билим алуусуна шарт тузбөгөн, толук кандуу тарбия бербеген үй-бүлөлөр:
- Баланын психологиялык абалына жана анын окуусуна терс таасирин тийгизген чөйрөдөгү үй-бүлөлөр:
- Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда терең чыр-чатактары бар, бала ата-эненин ортосунда калган үй-бүлөлөр:
- Үй-бүлө мүчөлөрү алкаголдук ичимдиктерди, баңгизатты кыянаттык менен колдонушкан, антисоциалдык жашоо образына алып келип балага терс таасирин тийгизген;

2.2 Каттоо жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин класс жетекчилер даярдык иштерин жүргүзүшөт:

-ата-энелердин макулдугу менен үй-бүлөгө барышат
- ата-энелер менен сүйлөшүшөт,
- көйгөйдүн бардык аспектилерин, анын келип чыгышынына мүмкүн болгон себептерин билишет
- психологиялык-педогогикалык мүнөздөмө жана ар бир бала үчүн жеке социалдык көйгөй картасы түзүлөт

2.3 Алдын алуу кеңеши берилген документтерди (көйгөйдү аныктоо картасы, түшүнүк кат, жашоо шартын кароо АКТ ж.б. зарыл документер) карап чыгып, каттоо жөнүндө чечим кабыл алат жана анын негизги багыттарын пландаштырат

2.4 Каттоодон чыгаруу чечимин көрүлгөн чаралардын эффективдүү натыйжасы, туруктуу жашыруу тендециясы же каттоого алып келген көйгөй толук чечилген учурда кабыл алышат.
2.5 Каттоодон чыгаруу жөнүндө чечимди алдын алуу кеңешин кабыл алат

**3. Учетко коюлган үй-бүлөлөр менен иштөөнүн мазмуну:**

3.1 Класс жетекчи соц.педагог менен бирдикте ар бир квартал сайын каттоодо турган үй-бүлөлөр менен профилактикалык иштерди жүргүзөт.

3.2 Класс жетекчи түштөн кийин, каникул учурунда катталган үй-бүлөлөрдөгү окуучулардын сабакка катышуусун, ишке орношуусун, окуучулардын учурдагы жана жыйынтыктоочу жетишкендиктерин пландайт жана көзөмөлдөйт.

3.3 Класс жетекчи чейрек ичинде 1 жолу профилактикалык кеңешке өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө отчет берип, аларды социалдык көйгөйлөрүн аныктоочу картасында көрсөтөт.

3.4 Турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн окуучуларынын жүрүм-турумундагы бардык олуттуу өзгөрүүлөр (терс жана оң) жөнүндө мектептин профилактикалык кеңешине алардын тартип бузуулары жөнүндө класс жетекчиси токтоосуз түрдө ТИ боюнча директордун орун басарына билдирет.